№ 4-0743/16УД

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН АНЫКТАМАСЫ

**(корутунду бөлүгү)**

2016-жылдын 12-июлу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын курамында төрагалык кылган Эсенканов К.Э.,
судьялар: Бокоев К.А., Темирбеков Л.,
соттук отурумдун катчылары Нурмамат уулу П., Акылбекова А., Сыдыгалиева В.,
мамлекеттик айыптоочу Тагаев Н.. Токтакунов К.,
жактоочулар Вахитов В, Токтакунов Н.,
коомдук жактоочу Исмаилова Т.,
жабырлануучунун өкүлдөрү Бечелова Ч., Сулайманова А.,
жабырлануучулар Мергентаев М.Ж., Умарахунов К.Т., Мантыбаев Э.И., Салымбаев Э.Ж., Таиров Т.У., Жороев Ж.Э., Утуров З.А.,
котормочу Ч.Касымбекованын
катышуулары менен ачык соттук отурумда Бириккен Улуттар Уюмунун Адам Укуктары боюнча Комитетинин 2016-жылдын 21-апрелиндеги чечимине ылайык соттолгон А.Аскаровдун жана анын жактоочусу Н.Токтакуновдун арыздарынын негизинде А.Аскаровго карата жазык ишин жаңы жагдайлар боюнча карап,

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 389-беренесинин 1-пунктун жетекчиликке алып,

**а н ы к т а й т:**

Аскаров Азимжон тууралуу Жалал-Абад областтык сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2010-жылдын 10-ноябрындагы өкүмү жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2011-жылдын 20-декабрындагы токтому жокко чыгарылсын.

Жазык иш жаңыдан апелляциялык тартипте кароо үчүн Чүй областтык сотуна жиберилсин.

Соттолгон А.Аскаровдун жана анын жактоочусу Н.Токтакуновдун арыздары жарым-жартылай канааттандырылсын.

Аныктама акыркы, даттанууга жатпайт.

**Төрагалык кылган** **К. Эсенканов**

**Судьялар:** **К. Бокоев**

**Л. Темирбеков**